**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**
**ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**
Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ**
г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

« 11 » июлу 2021-жыл. чыг. № 32/3-__________

Кыргыз Республикасынын
ИИМдин ТКнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги
**Н.Эшимкан уулуна**

# АТАЙЫН МААЛЫМАТ

**(Ош шаардык ИИБнын КЖБРне №02-092-2021-002653 саны менен катталган материал боюнча)**

2021-жылдын 11-июлу күнү, Ош шаарынын Амир-Темир кичи-шаарчасында орун алган Целинная көчөсүндө жайгашкан №5913 шайлоо участогунда "Биздин Кыргызстан" саясый партиясы добуш сатып жатат деп Ош шаарынын тургуну [redacted] сандуу уюлдук телефон аркылуу [redacted] аттуу атуулдан кабар келип түшкөндүгү жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын ыкчам чара көрүү кординация тобуна кабарлаган.

Аталган маалымат 2021-жылдын 11-июлу күнү саат 16-46 чамасында, Ош шаардык ИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖне №02-092-2021-002653 сан менен катталып, алгачкы текшерүү иштери башталган.

Текшеруу учурунда окуя боюнча, Ош шаарынын Амир-Темир к/ш Мадынская көчөсүнүн [redacted]-үйүнүн тургуну [redacted] төмөндөгүдөй көрсөтмө берген анда ал, Окуя болгон күнү тактап айтканда, Ош шаарынын Амир-Темир кичи шарасында орун алган №5913-шайлоо участогунда "Улуттар Биримдиги" саясий партиясынан байкоочу болуп дайындалып отургандыгын жана ошол убакта кошуналары шайлоого келгенинин көрүп, аларга жолугуп, шайлоого такыр тиешеси жок маселелер жөнүндө сүйлөшкөндүгүн ошону менен бирге эле эч кимге акча таратпагандыгын билдирген.

Аталган факты боюнча терен толук кандуу текшерүү үчүн, [redacted] кошуналары суракка алынган, Алар Ош шаарынын Амир-Темир к\ш Весенная көчөсүнүн №[redacted]-үйүнүн тургуну, [redacted]-ж.т. [redacted] жана Ош шаарынын Амир-Темир к/ш Мадынская көчөсүнүн №[redacted]-үйүнүн тургуну, [redacted]-ж.т. [redacted] болуп аныкталып, алар өздөрүнүн көрсөтмөлөрүндө чындыгында Джумабаева Манзура менен кошуна экендигин жана алар шайлоо күнү [redacted] жолугуп бирок шайлоо боюнча эч бир сөз болбогондугун ошону менен бирге эле аларга эч ким акча таратпагандыгын айтып кошумчалап билдирме берген.

2021-жылдын 11-июль күнү, Ош шаарынын Амир-Темир кичи-шаарчасында орун алган Целинная көчөсүндө жайгашкан №5913 шайлоо участогунда байкоочулар тарабынан тушунук каттары алынып, алар оздорунун тушунук катында 2021-жылдын 11-июль куну, №5913 шайлоо участкасында [redacted] акча таратуу фактысы аныкталган жок, себеби биз байкоочу болуп турган шайлоо участкасынын төрөгасы мыйзам бузуулар катталган жок деп билдиришкен.

Ал эми [redacted] өзүнүн түшүнүк катында мен 2021-жылдын 11-июль күнү, №5913 шайлоо участкасында эч кандай акча тараткан эмесмин жана мен ал жерде коншуларым менен жолугушуп сүйлөшүп турганды аныкталган.

Азыркы учурда аталган материал боюнча кылмыштын жоруктун курамы жок болгондугуна байланыштуу, 2021-жылдын 12-июль күнү, №92-2021-000032 саны менен номенклатуралык ишине тиркелген.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары<br>
милциянын полковниги **А.Раимбердиев**